**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

# БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ XI СЕССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМ №13

**10-октябрь 2025-жыл** **Октябрь айылы**

Багыш айыл өкмөтүнө караштуу Ленин айылындагы
Долборлоо, Порощай көчөлөрүндө жайгашкан
жер аянттарын муниципалдык менчикке алуу,
мөөнөтсүз пайдаланууга берүү жана категориясын
которууга макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Жер кодексин, Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамын, Багыш айыл өкмөтүнүн жетекчилиги, 2025-жылдын 23-сентябрындагы 01-26/2043 сандуу «Багыш айыл аймагынын Ленин айылынында жайгашкан Долборлоо көчөсүндөгү идентификациялык 3-05308-1001-0555 сандуу номер менен катталган 0,68 гектар жер аянтын, Долборлоо көчөсүндөгү идентификациялык 3-05308-1001-00725 сандуу номер менен катталган 0.70 гектар жер аянтын, Н.Прощай көчөсүндөгү муниципалдык жер аянтына идентификациялык 3-05308-1001-0720 сандуу номер менен катталган 2,69 гектар жер аянтына бириктирип 4,07 гектар жер аянтын муниципалдык менчикке алуу менен көп кабаттуу турак-жай курууга Мамлекеттик ипотекалык компанияга мөөнөтсүз пайдаланууга берүүгө макулдук жана Долборлоо көчөсүндөгү идентификациялык 3-05308-1001-0555 сандуу номер менен катталган 0,68гектар жер аянты, Долборлоо көчөсүндөгү идентификациялык 3-05308-1001-00725 сандуу номер менен катталган 0,07 гектар жер аянты, баары 1,38 гектар жер аянтын “Өнөр жай, транспорт, байланыш,коргоо жана башка багыттагы жерлери” категориясынан “Калктуу конуштар жерлери категориясына которууга макулдук берүү жөнүндөгү» кайрылуусун жана Багыш айылдык кеңешинин Агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиянын протоколдук чечимин угуп жана талкуулап Багыш айылдык кеңешинин кезексиз XI сессиясы токтом кылат:

1. Багыш айыл өкмөтүнүн Ленин айылында жайгашкан Долборлоо көчөсүндөгү идентификациялык 3-05308-1001-0555 сандуу номер менен катталган 0,68 гектар жер аянтын, Долборлоо көчөсүндөгү идентификациялык 3-05308-1001-00725 сандуу номер менен катталган 0,70 гектар жер аянтын, Н.Прощай көчөсүндөгү муниципалдык жер аянтына идентификациялык 3-05308-1001-0720 сандуу номер менен катталган 2,69 гектар жер аянтына бириктирип 4,07 гектар жер аянтын муниципалдык менчикке алуу менен көп кабаттуу турак-жай курууга Мамлекеттик ипотекалык компанияга мөөнөтсүз пайдаланууга берүүгө макулдук берилсин.

2. Багыш айыл өкмөтүнүн Ленин айылында жайгашкан Долборлоо көчөсүндөгү идентификациялык 3-05308-1001-0555 сандуу номер менен катталган 0,68 гектар жер

аянты, Долборлоо көчөсүндөгү идентификациялык 3-05308-1001-00725 сандуу номер менен катталган 0,07 гектар жер аянты баары 1,38 гектар жер аянтын “Өнөр жай, транспорт, байланыш,коргоо жана башка багыттагы жерлери” категориясынан “Калктуу конуштар жерлери категориясына которууга макулдук берилсин.

3. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Багыш айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Түгөйбековго милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Багыш айылдык кеңешинин Агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Ж.Сейдахматовго жүктөлсүн.

5. Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялангандан жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

**Төрага** **К.Кулмамбетов**